# *РОССИЯДА БИЛИМ АЛУУ*
# *БАКАЛАВРИАТ ЖАНА АДИСТИК*

Россия кызматташтыгы Россиянын жогорку окуу жайларында (ЖОЖдорунда) билим алуу үчүн чет элдик жарандардан жана чет өлкөдө жашаган мекендештерден арыздарды кабыл алууну ачты. Билим алуу акысыз, анткени ал Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн квотасынын алкагында каралган жана федералдык бюджеттин каражатынан каржыланат.

Кыргызстандын жана башка чет өлкөлөрдүн жашоочулары үчүн бюджеттик орундарга тандоо эки этапта жүргүзүлөт.

Кыргызстанда **тандоонун биринчи этабын** Россия кызматташтыгынын Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү (уюмдун башка аталыштары: Россиянын илим жана маданият борбору, Бишкектеги Орус үйү) жүзөгө ашырат. Тандоонун экинчи этабында талапкерлердин арыздары Россиянын ЖОЖдору тарабынан каралат.

Сиздерди даярдоонун ар кандай багыттары боюнча билим берүү программаларынын кеңири спектри менен Россиянын 82 аймагынан 741 университет күтөт.[1]

[1] М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетине, Москва мамлекеттик эл аралык мамилелер институтуна (университет) - Россиянын ТИМ ММЭМИ, даярдоонун аскердик багыттарына квота боюнча тапшырууга болбой тургандыгына көңүлдү бурабыз. Бул ЖОЖдорго өзүнчө кабыл алуу болот, ал жөнүндө ошол ЖОЖдордон түздөн-түз билүүгө болот.

## **АРЫЗ БЕРҮҮНҮН МӨӨНӨТҮ: 2022-жылдын 23-декабрынан 2023-жылдын 20-февралына чейин**

**Квота боюнча билим алуу төмөнкүлөрдү камтыйт:**

- Акысыз билим алуу (Россиянын бюджетинин эсебинен),
- Жатаканада жашоо,
- Стипендия.

**Окутуунун деңгээлдери (орто мектепти бүткөндөн кийинки жогорку билим):**

- *Бакалавриат* – 4 жылдык билим алуу, бакалаврлар ар кандай профилдерди камтуу мүмкүнчүлүгү менен тандап алган адистик боюнча кеңири билим алышат. Бакалавр диплому бар бүтүрүүчүлөр дароо алган кесиби боюнча иштей алышат.
  - *Адистик* - тандап алган адистиги боюнча 5 жыл билим алууну камтыйт.

## **КИМ ТАПШЫРА АЛАТ?**

- Кыргызстандын жарандары,
- Кыргызстанда туруктуу жашаган Россиянын жарандары (Россияда жашаган жери боюнча катталгандыгы тууралуу белгиси жок РФ жаранынын паспортунун скан-көчүрмөсүн же 2022-жылдын 1-сентябрына чейин Россия Федерациясында жашаган жери боюнча каттоодон чыгуу тууралуу белгиси бар РФ жаранынын паспортунун скан-көчүрмөсүн бериши зарыл),
- Кыргызстанда жашаган жарандыгы жок адамдар.

## **ЖОЖго ТАПШЫРУУ КАНДАЙ БОЛОТ?**

Тапшыруу бир нече кадамдарды камтыйт (кыскача):

**Биринчи этап**

**1-кадам –** 2023-жылдын 20-февралына чейин – **https://education-in-russia.com** сайтында «Чет элдиктер

үчүн Россия Федерациясында билим берүү» мамлекеттик маалымат тутумунда каттоодон өтүү, билим берүү программасын, ЖОЖду тандоо, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн документтерди чогултуу, сканерлөө, документтерди жана аларды жеке кабинетке жүктөө

**2-кадам –** 20-февралдан кийин – тестирлөөнү өткөрүү, тестирлөөнүн негизинде тандоо жана жеке жетишкендиктерди баалоо. Тестирлөө чыгармачылык адистиктерден башка бардык багыттарга тапшырып жаткандар үчүн өткөрүлөт. Тестирлөө прокторинг процедурасын - системанын администратору тарабынан көзөмөлдү колдонуу менен онлайн режиминде өткөрүлөт.Тестирлөө системанын администратору тарабынан текшерүү - прокторинг жол-жобосун колдонуу менен онлайн өткөрүлөт. Чыгармачылык адистиктер үчүн - тандоо жеке жетишкендиктердин жана мурунку билим деңгээлин баалоонун, ошондой эле чыгармачылык сынактын негизинде жүргүзүлөт. Бул этаптын жыйынтыгы боюнча Россия кызматташтыгынын өкүлчүлүгү рейтингдик негизги жана резервдик тизмелерди түзөт.

**Экинчи этап**

**3-кадам –** ЖОЖдор тарабынан арыздарды кароо. Россия кызматташтыгынын тизмелеринин негизинде арыздар ЖОЖдор тарабынан каралат. Айрым ЖОЖдорго тапшырып жаткандар үчүн кошумча сыноолор өткөрүлүшү мүмкүн. Бул этаптан ийгиликтүү өткөн учурда абитуриент **https://russia-edu.minobrnauki.gov.ru** сайтында өзүнүн жеке кабинетинен билим ала турган уюмдун аталышын көрөт. «Жөнөтүлдү» терезеси пайда болгондон кийин, ЖОЖ менен байланышып, келе турган күндү жана окуунун башталышын билип, Россияга кетүүгө камданып - биринчи кезекте ЖОЖ үчүн бардык керектүү документтерди даярдоо зарыл.

**4-кадам –** Россияга келүү, Россияда ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисин алуу, жатаканага жайгашуу. Ак жол!

## БИШКЕКТЕГИ ОРУС ҮЙҮ ТАРАБЫНАН КОЛДОО

Эгерде Сизде арызды толтурууда жана тандоого катышуу үчүн зарыл болгон документтерди берүүдө кыйынчылыктар болсо, ошондой эле даярдоо багытын жана адистикти тандоо, даярдоонун тандалып алынган багыттарынын (адистиктердин, илимий адистиктердин, кесиптердин) өзгөчөлүгүнө байланыштуу суроолор болсо – Россия кызматташтыгынын өкүлчүлүгүнүн (Бишкектеги Орус үйүнүн) кызматкерлери Сизге жардам жана консультация берүүгө даяр.

***Ыкчам байланыш телефону:* +996(312) 30-05-43.**

***Почта:*** **abiturient@kgz.rs.gov.ru**

## КОНСУЛЬТАЦИЯЛАР

2023-жылдын 11-январынан баштап, ар шаршемби күнү саат 15:00дө Бишкектеги Орус үйү 2023-2024-окуу жылына квотанын алкагында Россия Федерациясынын ЖОЖдоруна тапшырууну каалагандар үчүн консультацияларды өткөрүп жатат.

Консультацияга катышууну каалагандардын бардыгы https://uchebarf.kg/consult сайтында катталышы зарыл:

— Бетме-бет консультация алуу үчүн.

(Өлкөдөгү эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу консультация алуу үчүн орундардын саны чектелүү. **Киргенде сөзсүз түрдө жаныңызда маска болушу керек.** Маска жок болгон учурда консультацияга киргизилбейт).

— Zoom аркылуу онлайн консультацияларды алуу үчүн.

## КОШУМЧА МААЛЫМАТТЫК МАТЕРИАЛДАР

1. Документтерди кабыл алуу https://education-in-russia.com. расмий сайтында гана жүргүзүлөт. Бул жерде ЖОЖдор,

билим берүү программалары, ЖОЖдор жайгашкан шаарлар, студенттерди тандоо процесси тууралуу маалымат берилген.

2. Квота кампаниясынын жүрүшү жөнүндө бардык кулактандыруулар жана билдирүүлөр – документтерди кабыл алуу, консультациялар, Кыргызстандын жашоочулары үчүн тандоо сыноолорунун даталары Бишкектеги Орус үйүнүн жеке кабинетинде жана https://taplink.cc/rushouse_bishkek_____________социалдык тармактарында жарыяланат.
3. Тандоо тартиби, тестирлөө жөнүндө расмий жана кошумча документтер, нускамалар, видеороликтер, ЖОЖдор тууралуу маалымат Бишкектеги Орус үйүнүн билим берүү бөлүмүнүн www.uchebarf.kg сайтында да жайгаштырылган.

**МААНИЛҮҮ!**

1. Документтерди кабыл алуу **https://education-in-russia.com** расмий сайтында гана жүргүзүлөт.
2. Арызды толтуруу боюнча бардык сын-пикирлер талапкердин https://education-in-russia.com сайтындагы жеке кабинетине жиберилет. Сын-пикирлерге ылайык оңдоолорду мүмкүн болушунча тезирээк киргизүү зарыл.
3. Арыздарды кабыл алуу 20-февралда аяктайт. Программаны жана ЖОЖду тандоо, документтерди чогултуу, аларды которуу жана күбөлөндүрүү, анкетаны толтуруу убакытты талап кылат. Арызды толтурууну акыркы күнгө калтырбаңыз.
4. Тестирлөөнүн башталышы жөнүндө билдирүүлөрдү караңыз жана эгер Сиз чыгармачылык адистиктерге документтерди тапшырсаңыз, анда ЖОЖдордун сайттарындагы ЖОЖдордогу чыгармачылык сынактар жөнүндө билдирүүлөрдү караңыз. Чыгармачылык адистиктер жөнүндө өз алдынча билүү зарыл.

   Арызды жөнөткөндөн кийин жумасына кеминде 3 (үч) жолу электрондук почтаңызды (катталуу үчүн колдонгон) жана https://education-in-russia.com сайтындагы жеке

кабинетиңизди текшерип туруңуз. Сизге тестирлөөнүн датасы жана убактысы жөнүндө билдирүүлөр келиши керек. Жабдууларды даярдап, иштешин текшерүү зарыл.

5. Россиянын ЖОЖдорунда билим алуу үчүн конкурстук тандоонун биринчи этабын ийгиликтүү өткөн учурда, өкүлчүлүктүн өкүлдөрүнүн электрондук арызды жана ага тиркелген документтерди оңдоо жана толуктоо боюнча сунуштарын белгиленген мөөнөттө аткарбаган талапкерлер талапкерлердин негизги тизмесинен чыгарылат. Бошогон орундар резервдик тизмедеги талапкерлерге берилет.
6. Арызда өзү жөнүндө жалган же толук эмес маалыматтарды берген талапкерлердин биринчи этаптан өткөн жыйынтыктары жокко чыгарылат жана досьелери тандоонун экинчи этабына катышуудан чакыртылат.
7. Арызды кабыл алуу, консультациялар жана Россия кызматташтыгы тарабынан ар кандай көмөк көрсөтүү **акысыз** жүргүзүлөт.
8. **Россия кызматташтыгы бюджеттик орундарга конкурс боюнча гана кабыл алуу жүргүзөт.** Россия кызматташтыгынын кызматкерлеринин бири да консультация үчүн акча албайт. Россия кызматташтыгынын өкүлчүлүгү абитуриенттер үчүн акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүү жана консультацияларды берүү менен алектенген уюмдарга эч кандай тиешеси жок. Эгерде кимдир бирөө Сизге Россия кызматташтыгынын кепилденген квотасын акчага сунуштаса, бул – алдамчылык. Бул тууралуу Россия кызматташтыгынын өкүлчүлүгүнүн жетекчисине a.zulkharneev@kgz.rs.gov.ru почтасы же https://www.instagram.com/albertzulkharneev_ruskg социалдык тармактары аркылуу билдириңиз.

**РОССИЯНЫН ЖОЖдоруна КВОТАЛАР БОЮНЧА**

**БАКАЛАВРИАТ ЖАНА АДИСТИККЕ ТАПШЫРУУ**

# СИЗДИН КАДАМЫҢЫЗ. КЕҢИРИ МААЛЫМАТ

1. **1-кадам - 2023-жылдын 20-февралына чейин (арызды 20-февралда саат 12.00дөн кечиктирбестен жөнөтүүнү сунуштайбыз) - билим берүү программасын, ЖОЖду тандоо, документтерди чогултуу, каттоо жана [https://education-in-russia.com](https://education-in-russia.com) сайтында арызды толтуруу.**

### 1.1 Сиз [https://education-in-russia.com](https://education-in-russia.com) сайтында катталасыз

Катталуу үчүн mail.ru же yandex.ru кызматтарынын электрондук почтасын колдонуңуз

Каттоодон өткөндөн кийин сизде жеке маалымат менен анкета толтуруу, даярдоонун багытын жана ЖОЖдорду тандоо, жеке маалыматты тастыктаган жана Сиздин жетишкендиктериңизди көрсөткөн документтерди жүктөө мүмкүнчүлүгү пайда болот.

### 1.2 Сиз тапшырууну каалаган ЖОЖдорду жана даярдоонун багытын аныктайсыз.

Даярдоонун багытын жана ЖОЖдорду тандоо. Күндүзгү окуу формасын, окутуунун деңгээлин тандаңыз (орто мектепти аяктагандан кийин жогорку билим – бул «бакалавриат» (4 жыл) же «адистик» (5 жыл)

*Даярдоонун бир багытын, башкача айтканда, окууну каалаган адистикти/кесипти тандаңыз. Даярдоонун бирден ашык багытын тандоо мүмкүн эмес.*

Сиз даярдоонун багытын аныктагандан кийин даярдоонун бул багыты бар ЖОЖдордун тизмеси пайда болот. Сиз окууну каалаган ЖОЖду издеп баштаңыз. **6дан ашык эмес** ЖОЖду тандап, аларды артыкчылыктуу тартипте кантип жайгаштырууну ойлонуңуз. Өзүңүз артыкчылык берген тартипте ЖОЖдорду тизмектеңиз, анда биринчи орунда Сиз биринчи кезекте окууну каалаган ЖОЖду, ал эми алтынчы орунда Сиз акыркы кезекте окууну каалаган ЖОЖду көрсөтүңүз. Бул тартип Сизди бөлүштүрүүдө эске алынат.

Москвада экиден ашык эмес ЖОЖду, Санкт-Петербургда экиден ашык эмес ЖОЖду жана бир федералдык округда үчтөн ашык эмес ЖОЖду тандоого жол берилет.

Эгерде Сиз бир гана ЖОЖду көрсөтсөңүз, ал Сизди тандабаса, анда Сиз Россияда билим алуу мүмкүнчүлүгүнөн айрыласыз. Ошондуктан, көбүрөөк ишеним үчүн бир эмес, бир нече ЖОЖду тандаңыз.

### 1.3 Сайтта анкетаны толтуруп, басып чыгарасыз, кол коесуз жана кол коюлган анкетанын жана башка документтердин скандарын тиркейсиз.

Документтер:

***1)Арыз (анкета-арыз)***

Жеке кабинетте арызды толугу менен толтуруп, басып чыгарып, кол коюп, сапаттуу PDF-форматта сканерлөө керек жана сайттагы жеке кабинетке кайрадан жүктөө зарыл. Анкетаны толтурууда документтерди сапаттуу сканерлеп, 36-пункттун үстүнө кол коюу керек.

***2)Талапкердин жеке маалыматтарды иштеп чыгууга, өткөрүп берүүгө жана сактоого макулдугу***

Макулдук формасы даяр жана жеке кабинетте жайгашкан. Макулдук формасы эки тилде – орус жана англис тилдеринде бар. Сиз аты-жөнүңүздү орус тилинде орус тилиндеги бланкка жана латын тамгалары менен англис тилиндеги бланкка жазып, эки бланкка тең кол коюшуңуз керек. Андан ары сапаттуу PDF-форматта сканерлеп, сайтка жеке кабинетке жүктөө зарыл.

***3)Талапкердин инсандыгын тастыктоочу документ жана документтин котормосу***

Талапкердин инсандыгын тастыктаган документ (жалпы жарандык паспорт («чет өлкөгө чыгуу үчүн паспорт») менен бирге документтин орус тилине нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосун көрсөтүп, бардык документтерди сапаттуу PDF-форматта сканерлеп (түстүү скан), сайтка жеке кабинетке жүктөө зарыл.

Эгерде сизде жалпы жарандык паспорт (чет өлкөгө чыгуу үчүн паспорт) жок болсо, анда сиз азыр Кыргыз Республикасынын ID card ички документинин сканын жүктөй аласыз, бирок сиз тез арада жалпы жарандык паспортту (чет өлкөгө чыгуу үчүн паспортту) алып, аны (орус тилиндеги котормосу менен бирге) 20-мартка чейин жүктөшүңүз керек.

***4)Билими жөнүндө документ***

Бакалавриат жана адистикке тапшырган 11-класстын окуучулары орточо баллды көрсөтүү менен 10-класстын бааларынын транскриптин беришет.

Эгер Сиз мектепти бүткөн болсоңуз жана Сизде аттестат болсо, анда Сиз аттестаттын орточо баллын көрсөтүү менен аттестатты тиркейсиз.

Эгерде Сиз орто кесиптик окуу жайын бүтүргөн болсоңуз, анда Сиз дипломду жана баалар менен колдонмону тиркейсиз.

Билими тууралуу бардык документтерге мектептин директору кол коюп, окуу жайдын мөөрү менен күбөлөндүрүлүшү керек. Түстүү скан өздүк кабинетке жүктөлөт.

**_5)Олимпиадалардын дипломдору_**

Эгерде Сиз олимпиадаларга катышып, байгелүү орундарды ээлеген болсоңуз, анда олимпиадалардын жеңүүчүлөрүнүн жана байге ээлеринин дипломдорунун скандарын тиркейсиз. Өзүнчө файл менен профилдик жана профилдик эмес предметтер боюнча 1-3-деңгээлдеги эл аралык жана россиялык олимпиадалардын жеңүүчүлөрүнүн жана байге ээлеринин дипломдору жана башка өзүнчө файл менен республикалык, аймактык, жергиликтүү олимпиадалардын жеңүүчүлөрүнүн жана байге ээлеринин дипломдору.

**_6)Башка жеке жетишкендиктерди тастыктаган документтер._**

Талапкерлерди тандоодо жумушчу топ Сиздин башка жетишкендиктериңизди эске алышы мүмкүн. Сиздин кошумча жетишкендиктериңизди (спорттук (спорт чеберинин күбөлүгү), чыгармачылык, ыктыярчылык) тастыктаган документтерди сканерден өткөрүп, жеке кабинетке жүктөө зарыл.

Талапкерлердин жеке жетишкендиктери, эгерде алар билим алуунун акыркы 2 жылында (б.а. 2020-жылдан эрте эмес) алынган болсо, эске алынат.

Билими тууралуу бардык документтер түстүү түрдө сканерден өткөрүлүп, сапаттуу PDF-форматында сайтка жеке кабинетке жүктөлүшү керек.

**_7)Медициналык документтер._**

Медициналык маалымкаттар тандоонун экинчи этабына 2023-жылдын 20-мартынан кечиктирбестен жүктөлөт. Бул маалымкаттарды дароо жүктөй да аласыз.

Керектүү документтер:

- Маалымкат форма 086у;
- Гепатиттин жоктугу жөнүндө маалымкат (В,С формалары);
- Кургак учуктун жоктугу жөнүндө маалымкат;
- ВИЧ/СПИДдин жоктугу жөнүндө маалымкат.

Медициналык маалымкаттар 2022-жылдын 1-сентябрынан эрте эмес берилиши керек. Бардык медициналык документтер сапаттуу PDF-форматында сканерден өткөрүлүп, сайтка жеке кабинетке жүктөө керек.

**Арыз толугу менен түзүлүп, сиз аны жөнөтүүгө даяр болгондо – «Арызды жөнөтүү» баскычын басууну унутпаңыз. Сиздин жеке кабинетиңизде «Текшерүүдө» статусу пайда болушу керек. Эгерде мындай статус көрүнбөсө - арыз жөнөтүлгөн эмес.**

**2-кадам – 20-февралдан кийин – Дене тарбия жана спорт жана чыгармачылык адистиктерден башка бардык багыттарга тапшырып жаткандар үчүн тестирлөөнүн жана жеке жетишкендиктерин баалоонун негизинде тестирлөө жана конкурстук тандоо өткөрүү. Чыгармачылык адистиктер жана дене тарбия жана спорт боюнча багыттар үчүн - жеке жетишкендиктердин жана мурунку билим деңгээлинин бааларынын негизинде тандоо. Жыйынтыктардын негизинде Россия кызматташтыгынын Өкүлчүлүгү рейтингдик негизги жана резервдик тизмелерди түзөт.**

**2.1. 20-февралдан кийин жума сайын Сиз почтаңызды жумасына эки жолудан кем эмес текшерип, биринчи жана экинчи тестирлөөнүн датасы тууралуу билдирүүнү күтөсүз.**

Сиз тестирлөөнүн датасы жөнүндө маалымат аласыз. Тестирлөө прокторинг процедурасын - системанын администратору тарабынан онлайн көзөмөлүн колдонуу менен онлайн режиминде өткөрүлөт. Тестирлөө үчүн Сизге стационардык компьютер же ноутбук, туруктуу интернет-байланышы (сунушталган ылдамдыгы 2мбит/с), иштеген веб-камера керек.

Ошол эле учурда сиздин арызыңыздын жана тиркелген документтердин негизинде Россия кызматташтыгындагы Жумушчу топ Сиздин жеке жетишкендиктериңиздин баллын эсептеп чыгат.

Бакалавриат жана адистик программалары боюнча билим алууга тандоо тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча баллдардын суммасынын жана жеке жетишкендиктер үчүн баллдарды эсептөөнүн негизинде жүргүзүлөт.

Тестирлөө жалпы баллдардын суммасынын 80%ын түзөт, жеке жетишкендиктерди баалоо - жалпы баллдын суммасынан 20%дан ашпайт.

Башкача айтканда, баллдардын жалпы суммасы төмөнкүдөй аныкталат:

*Баллдардын жалпы суммасы (1 бирдик) = тестирлөөнүн жыйынтыктары (эки тестирлөө, эки тестирлөөнүн салмагы - 0,8) + жеке жетишкендиктер (салмагы - 0,2).*

Тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча баллдардын суммасын жана жеке жетишкендиктер үчүн баллдарды эсептөөнүн негизинде талапкерлердин тизмеси түзүлөт, ал төмөндөө тартибинде жайгаштырылат.

Сынактык баллдардын суммасы бирдей болгон учурда жыйынтыктоочу тестирлөөнүн эң жогорку баллына ээ болгон талапкерлер тизмеде жогору орунду ээлейт.

Дене тарбия жана спорт жаатындагы жана чыгармачылык адистиктери боюнча билим алууга тандап алуунун жана даярдоо багыттарынын өзүнчө өзгөчөлүктөрү бар (төмөндө карагыла).

Тандоо иш-чараларынын жыйынтыгы боюнча Россия кызматташтыгынын Өкүлчүлүгү өлкөгө бөлүнгөн квотага ылайык талапкерлердин негизги тизмесин түзөт. Сынактык тизмедеги талапкерлер 100% орундарды алар толтурганга чейин тандоодон өттү деп эсептелет.

Маанилүү! Тандоо сыноолорун өткөрүү башталгандан кийин талапкер тандап алган даярдоонун/адистиктин багытын өзгөртүүгө, ошондой эле билим берүү уюмдарынын тизмесине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жол берилбейт.

**Дене тарбия жана спорт жаатындагы багыттар боюнча билим алууга тандоо** (49.00.00) мурунку билимин баалоо баллдарынын суммасынын (б.а. 10-класс үчүн транскриптин же аттестаттын, же кесиптик орто окуу жайдын дипломунун орточо баллынын) жана талапкерлер алган жеке жетишкендиктеринин негизинде жүргүзүлөт.

Ошол эле учурда жеке жетишкендиктердин салмагы жалпы баллдын 80% түзөт.

Башкача айтканда, чыгармачылык багыттар үчүн жалпы баллды эсептөө формуласы төмөнкүдөй болот:

*Баллдардын жалпы суммасы (1 бирдик) = мурунку билимин баалоо (салмак – 0,2) + жеке жетишкендиктер (салмак – 0,8).*

Жеке жетишкендиктердин баллдарын эсептөө төмөнкү критерийлерге ылайык талапкерлер топтогон баллдарды суммалоо менен жүргүзүлөт:

-талапкердин арызында биринчи артыкчылык катары көрсөтүлгөн ЖОЖдон өтүнүч-каттын болуусу. Мында катка талапкердин биринчи артыкчылык катары көрсөткөн билим берүү уюмунун жетекчисинин же жетекчинин орун басарынын колу коюлушу керек (салыштырма салмагы - 0,3);

- эл аралык деңгээлдеги мелдештердин (олимпиадалардын) жеңүүчүсүнүн же байге ээсинин тастыктоочу документтеринин, спорт чеберинин күбөлүгүнүн болуусу (салыштырма салмагы – 0,4);

- аймактар аралык жана (же) өлкөлүк деңгээлдеги мелдештердин (олимпиадалардын) жеңүүчүсүнүн же байге ээсинин тастыктоочу документтеринин, спорт чеберине талапкердин күбөлүгүнүн (сертификатынын) болуусу (салыштырма салмагы - 0,25);

- аймактык жана (же) муниципалдык деңгээлдеги мелдештердин (олимпиадалардын) жеңүүчүсүнүн же байге ээсинин тастыктоочу документтеринин болуусу (салыштырма салмагы - 0,05).

Маанилүү: дене тарбия жана спорт багыты боюнча билим алууга жогорку конкурс болгон учурда Россия кызматташтыгынын Жумушчу тобунун чечими менен тапшырып жаткандар үчүн орус тили жана биология боюнча тестирлөө өткөрүлүшү мүмкүн.

**Чыгармачылык адистиктер жана даярдоо багыттары боюнча билим алууга тандоо** (52 - Аткаруучулук өнөр жана адабий чыгармачылык, 53 - Музыкалык искусство, 54 - Көркөм

жана прикладдык искусство, 55 - Экран искусствосу) биринчи этапта дагы мурунку билимин баалоо баллдарынын суммасынын (б.а. 10-класс үчүн транскриптин же аттестаттын, же кесиптик орто окуу жайдын дипломунун орточо баллынын) жана талапкерлер алган жеке жетишкендиктеринин негизинде жүргүзүлөт.

Ошол эле учурда жеке жетишкендиктердин салмагы жалпы баллдын 80% түзөт.

Башкача айтканда, чыгармачылык багыттар үчүн жалпы баллды эсептөө формуласы:

*Баллдардын жалпы суммасы (1 бирдик) = мурунку билимин баалоо (салмак – 0,2) + жеке жетишкендиктер (салмак – 0,8).*

Жеке жетишкендиктердин баллдарын эсептөө төмөнкү критерийлерге ылайык талапкерлер топтогон баллдарды суммалоо менен жүргүзүлөт:

-талапкердин арызында биринчи артыкчылык катары көрсөтүлгөн ЖОЖдон өтүнүч-каттын болуусу. Мында катка талапкердин биринчи артыкчылык катары көрсөткөн билим берүү уюмунун жетекчисинин же жетекчинин орун басарынын колу коюлушу керек (салыштырма салмагы - 0,5);

- эл аралык деңгээлдеги мелдештердин (конкурстардын, фестивалдардын) жеңүүчүсүнүн же байге ээсинин тастыктоочу документтеринин болуусу (салыштырма салмагы - 0,25);

- аймактар аралык жана (же) өлкөлүк деңгээлдеги мелдештердин (конкурстардын, фестивалдардын) жеңүүчүсүнүн же байге ээсинин тастыктоочу документтеринин болуусу (салыштырма салмагы - 0,15);

- аймактык жана (же) муниципалдык деңгээлдеги мелдештердин (конкурстардын, фестивалдардын)

жеңүүчүсүнүн же байге ээсинин тастыктоочу документтеринин болуусу (салыштырма салмагы - 0,1).

Андан ары талапкерлер кошумча сыноолордон («чыгармачылык сынак») өтүшөт. Кошумча чыгармачылык сыноолорду россиялык чыгармачылык ЖОЖдор Россияда, Кыргызстанда же дистанциондук технологияларды колдонуу менен онлайн форматта өткөрүшөт.

Чыгармачылык багыттагы кирүү сыноолорун өткөрүү мөөнөтү жана орду жөнүндө маалымат ЖОЖдордун сайттарында жайгаштырылат. Талапкер сыноолорго катышуунун мөөнөтүн жана талаптарын өз алдынча такташы керек.

Талапкерлер Россиянын ЖОЖдорундагы кирүү сыноолорунан ийгиликтүү өткөн учурда, талапкер 10 күндүн ичинде тастыктоочу документтин түп нускасынын сканын https://abiturient@kgz.gov.ru электрондук почтанын дарегине жөнөтүү менен Россия кызматташтыгынын Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгүнө бул факт жөнүндө маалымдайт.

### 2.2. Резервдик тизме

Тандоодон өткөндөрдүн тизмесине кирбей калган талапкерлер үчүн талапкерлердин резервдик тизмеси түзүлөт (бакалавриат жана адистик үчүн орундардын жалпы санынан 20%га чейинки көлөмдө). Бул тизме баллдардын азаюу тартибинде тандоодон өткөн талапкерлерден кийинки конкурстук тизмедеги талапкерлердин ичинен түзүлөт.

Негизги тизмедеги талапкер баш тартса жана кошумча орун пайда болгон учурда Россия кызматташтыгынын Өкүлчүлүгү резервдик тизмедеги талапкерге орун пайда болгону жөнүндө маалымдайт. Эгерде резервдик тизмедеги талапкер негизги тизмедеги орунду ээлөөгө даяр болсо, анда ал белгиленген

мөөнөттө калган талап кылынган документтерди жеке кабинетке кошумча жүктөшү зарыл.

### 2.3. Апелляция

Тандоонун жыйынтыктары жарыяланган күндөн кийинки 3 календардык күндүн ичинде (негизги жана резервдик тизмелердин долбоорун жарыялоо) талапкерлер тандоонун жыйынтыктары менен макул эместиги жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бере алышат, ал апелляция берилген күндөн кийинки 2 календардык күндүн ичинде комиссиянын отурумунда каралат.

### Экинчи этап

**3-кадам – ЖОЖдор тарабынан арыздарды кароо (тандоонун экинчи этабы). Россия кызматташтыгынын тизмелеринин негизинде арыздар ЖОЖдор тарабынан каралат. Айрым ЖОЖдорго тапшырып жаткандар үчүн кошумча сыноолор болушу мүмкүн. Бул этаптан ийгиликтүү өткөн учурда абитуриент жеке кабинетинен билим ала турган уюмдун аталышын көрөт. ЖОЖ менен байланышып, келе турган күндү жана окуунун башталышын билип, Россияга кетүүгө камданып - биринчи кезекте ЖОЖ үчүн бардык керектүү документтерди даярдоо зарыл.**

Тандоонун экинчи этабында талапкерлердин арыздары ЖОЖдор тарабынан каралат. Айрым ЖОЖдор үчүн кошумча сыноолор болушу мүмкүн. Айрым ЖОЖдордо кошумча тандоо сыноолору каралган, аларды аралыктан же талапкердин жеке катышуусу менен өтсө болот. ЖОЖдун өзүнөн (сайттан же

телефон аркылуу) жана жеке кабинеттен кошумча сыноолор жөнүндө маалымат алыңыз.

Тандоонун экинчи этабынан өтүүнүн жыйынтыгы менен жеке кабинетиңизден таанышыңыз. Экинчи этаптан ийгиликтүү өткөн учурда Сиз билим ала турган уюмдун аталышын көрөсүз. Ошондой эле Сизге билим берүү уюмуна келүү тууралуу маалымат жеткиликтүү болот. Мындай маалымат жок болгон учурда, мүмкүн болушунча тезирээк билим берүү уюму менен байланышып, Россияга келүү тууралуу бардык керектүү маалыматты алуу зарыл. Билим берүү уюмунун өкүлдөрү менен келүү күнүн сөзсүз макулдашууну сунуштайбыз!

## 4-кадам – ЖОЖдон чакыруу алуу, Россияга келүү, ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисин алуу, жатаканага жайгашуу. Жана окууга киришебиз! Ак жол!

Россияга келгенге чейин абитуриенттин бардык керектүү документтери даяр болушу керек. Сиз билим берүү уюмуна келгенде, бул документтерди кабыл алуу комиссиясына тапшырасыз. Алардын тизмеси:

- окууга кабыл алуу жөнүндө арыз;
- инсандыгын жана жарандыгын тастыктаган документ + нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосу;
- алган квалификациясын (даражасын), окуган предметтерин жана алар боюнча алган бааларын көрсөтүү менен билими жөнүндө документ + нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосу;
- ВИЧ-инфекциясынын жана өлкөдө билим алуу үчүн каршы көрсөтмөлөр жок экендиги жөнүндө медициналык

maалымкат орус тилинде же нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосу менен;

- сүрөт.

Кыргызстандын жарандарына Россияга баруу үчүн визанын кереги жок. Жарандыгы жок адамдарга виза керек. Келгенден кийин ар бир чет элдик студент ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисин (ЫМКП) алышы керек. Полистин баасы болжол менен 4 000-20 000 рубль. Россиянын университеттери чет элдик жарандарга жатаканалардан орун берүү үчүн инфраструктураны кеңейтүүдө, андыктан тез арада турак жай издөө жөнүндө тынчсыздануунун кереги жок. Турак жай үчүн 300дөн 20 000 рублга чейин бир аз акы алынат.

## Россия кызматташтыгынын тизмесине артыкчылыктуу тартипте кирүү үчүн кимден тандоо сынагынан өтүү талап кылынбайт?

Кыргызстандын бардык эле жарандарынан тапшыруу тизмесине кирүү үчүн тандоо сыноолорунан өтүү талап кылынбайт.

Кыргыз жарандары артыкчылыктуу тартипте киргизилет жана негизги талапкерлердин тизмесинин биринчи позицияларында тандап алуу иш-чараларынан өтүүсүз көрсөтүлөт, эгерде алар:

1) улуттук курама команданын курамында жалпы билим берүү предметтери боюнча эл аралык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү же байге ээлери болсо;
2) ишмердүүлүктүн белгилүү бир чөйрөсүндө көрүнүктүү жөндөмдүүлүктөрүн жана жогорку жетишкендиктерин көрсөткөн адамдарга гранттарды берүү үчүн иш-чаралардын тизмесине киргизилген иш-чаралардын акыркы (жыйынтыктоочу) этаптарынын жеңүүчүлөрү же байге ээлери болсо.